**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

## 2010-жылдын III чейреги

**2010-жылдын октябрь айы**

**Бишкек**

*Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама*

Редакциялык кеңеш:

Төрага: Абдыбалы тегин С.
Кеңештин мүчөлөрү: Урустемов С.А.
Исакова Г.А.
Ыктыбаев А.Э.

Жооптуу катчы: Айдарова А.К.

Басылманын мазмунуна байланыштуу маселелер боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-52 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: aaidarova@nbkr.kg

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-09 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот
Электрондук почта: pr@nbkr.kg
http://www.nbkr.кg

Басылма, республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасынын чагылдырылышын жана инфляцияга таасир эткен негизги факторлорду иликтөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагындагы чечимдери жөнүндө маалыматты камтыйт жана анда келээрки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2010-жылдын 22-октябры.

Уюштуруучу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.

Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөрүлгөн, жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө 2001-жылдын 2-ноябрындагы 628-номериндеги күбөлүккө ээ.

“Next Print” ЖЧКсынын басма борборунда басууга даярдалып, басылып чыгарылган.
100 нускада даярдалган.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2010-жыл.

Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама» басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Аталган басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын өткөн жыл ичинде бүткөргөн иши жөнүндө отчету болуп саналат. Ал республиканын экономикалык өнүгүүсү, Улуттук банктын акча-кредит саясаты жөнүндө кыскача маалыматты, финансылык отчетун, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Басылма Кыргыз Республикасынын тышкы секторунун өнүгүшүндөгү тенденцияларды жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз, эл аралык инвестициялык позиция боюнча маалыматтарын камтыйт. Басылма чейрек сайын – январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***

Финансылык ортомчу катары Кыргыз Республикасынын банк тутумунун өнүгүшүнө иликтөөлөрдү жүргүзүү, турукташууга жетишүүдө жана аны колдоп турууда орун алган тоскоолдуктарды, ошондой эле бүтүндөй банк тутумунун турукташуусунун курамдык элементтерине баа берүү аталган басылманын максаты болуп саналат. Басылма жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***

Басылма коммерциялык банктарга жана коомчулукка Улуттук банктын иши жөнүндө маалыматтарды жарыялап туруу жана Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын пропагандалоо максатында, Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоого багытталган. Айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***

Улуттук банктын пресс-релизи жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн Улуттук банкка жана банк тутумуна тиешелүү окуялар түрмөгүн жана финансы рыногунда апта ичинде болуп өткөн орчундуу жана башка маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

## МАЗМУНУ

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ............................5

1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы талап жана сунуш............................5
1.1.1. Талап....................................................................................................................6
1.1.2.Сунуш....................................................................................................................12
1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар..........................................................................14
1.3. Тышкы экономикалык шарттар...........................................................................................19
1.4. Валюта курсу........................................................................................................................23

2-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР..............................................................25

2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасына жүргүзүлгөн анализдөөлөр............25
2.1.1. Азык-түлүк товарларына баа динамикасы................................................................26
2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарларга баа динамикасы..................................................28
2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы.....................................................................29
2.1.4. Региондордо керектөө бааларынын динамикасы.......................................................29
2.2. Базалык инфляция................................................................................................................30

3-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН
АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫНЫН МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРИ..........................33

3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери........................................................33
3.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин негизги чечимдери.....................................34

4-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ КӨРСӨТКҮЧҮН БОЛЖОЛДООЛОР................................................37

4.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасын болжолдоолор............................37
4.2. 2010-жылга жана 2010-жылдын төртүнчү чейрегине инфляцияны болжолдоолор.......39

СТАТИСТИКАЛЫК ТИРКЕМЕ.....................................................................................................42

ГЛОССАРИЙ...................................................................................................................................46

КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ................................................................................50

# 1-глава. Кыргыз Республикасынын экономикалык абалы

## 1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы талап жана сунуш

Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөргө карата талап менен сунуштун ортосундагы баланс, керектөө бааларынын жалпы деңгээлин калыптандырууда негизги роль ойнойт. 2009-жыл үчүн алынган айкын маалыматтар, ошондой эле 2010-жылдын акырына чейин болжолдонуп жаткан көрсөткүчтөр Кыргызстанда ички суроо-талаптын калыбына келип жатышын тастыктоодо. Мында, Эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын көлөмүнүн өсүшү, мамлекеттик чыгашалардын көбөйүүсү ошондой эле, болуп өткөн шайлоо кампаниялары жана аларды коштоп отурган акча сунушунун өсүшү негизги рольду ойнойт.

Мында, акыркы айларда социалдык-саясий туруксуздук демек, өлкөдө ишкердик жигердүүлүктүн басаңдоосу, инвестициялык жагдайдын начарлоосу жана соода жүгүртүлүшүнүн төмөндөөсү чогуу алгандагы суроо-талап жагынан инфляцияга токтотуучу таасирин тийгизген.

Калктын кирешесинин негизги бөлүгү керектөөгө жумшалып жаткандыгы фактысын эске алганда, экономикада жогорку инфляциялык потенциал түптөлгөндүгүн айтууга болот анткени, керектөө талабынын өсүшү өндүрүштүн төмөндөшүнүн же болбосо анын экономиканын дээрлик баардык секторлорунда өсүш арымынын басаңдашынын чегинде жүргөн. Алсак, УСКнын маалыматтары боюнча 2010-жылдын январь-сентябрь айларында ун тартуу, нан жасоо, арак чыгаруу, айыл-чарба азык-түлүгүн дүңүнөн өндүрүү, бетон, шифер чыгаруу арымы төмөндөп, айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн быйылкы түшүмүн жыйноо да өткөн жылдагыга караганда кыйла жай жүргөн. Азыктардын көпчүлүк түрлөрү боюнча (мисалы: эт, эт азыктары, сүт, сигареттер, ошондой эле пескоблок) бир аз илгерилөө катталган болсо да, өсүш арымы олуттуу басаңдаган.

Акча сунушунун өсүшүнүн негизги булагынын бири болгон мамлекеттик сектордун чыгашалары, инфляциянын учурдагы жана келечектеги деңгээлине таасирин тийгизүүчү башка бир маанилүү фактордон болуп саналат. 2010-жылдын май айынан тартып, Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү биринчи кезекте, өлкөдө болуп өткөн каргашалуу окуялардын кесепетинен жабыр тарткан ишкерлерге колдоо көрсөтүүгө жана бузулган шаарларды калыбына келтирүүгө багытталган бир катар иш-чараларды жүзөгө ашырган. Натыйжада, жыл жыйынтыгы боюнча мамлекеттик чыгашалардын олуттуу көбөйүүсү күтүлүүдө, бул салыктык жыйымдардын басаңдоосу чегинде бюджеттик тартыштыктын жана аны каржылоого тиешелүү керектөөнүн өсүшүнө алып келет. Албетте, абалды оңоо багытындагы бюджет-салык саясатын орто мөөнөттүк келечекте да улантуу пландаштырылууда. Бул өлкөдө баанын туруктуулугу үчүн кандайдыр-бир тобокелдикти таңуулашы ыктымал.

### 1.1.1. Талап

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2010-жылдын январь-сентябрь айларында ИДПнын учурда түптөлгөн баадагы көлөмү 5 млрд. сомду түзүү менен 2009-жылдын ушул эле мезгилиндеги ИДПнын көлөмүнө салыштырганда, реалдуу алганда 0,5 пайызга төмөндөгөн (2009-жылдын январь-сентябрь айларында ИДП 1,2 пайызга өскөн). Алтын казып алуучу «Кумтөр» ишканасын эске албаганда, 1,5 пайызга төмөндөгөн, ал эми 2009-жылдын январь-сентябрь айларында бул көрсөткүч 1,9 пайызга өскөн эле. ИДПнын 2010-жылдын январь-сентябрь айларындагы дефлятору 106,4 пайызды түзгөн.

2010-жылдын биринчи жарым жылдыгында ИДПнын чыгашаларынын түрлөрү боюнча түзүмүндөгү өзгөрүүлөр, экономикалык өсүш арымынын басаңдоосу биринчи кезекте, жылдын экинчи чейрегинде байкалган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспортунун төмөндөөсү менен шартталган. Соода жагынан негизги өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөр менен соода жүргүзүү шарттарынын катуулатылышы жана өлкөдө түптөлгөн саясий жагдайдын терс таасири экспорттун төмөндөөсүнө кесепетин тийгизген негизги себептерден болгон.

**1.1.1–таблица. ИДПнын чыгашаларынын түрлөрү боюнча реалдуу өсүш арымы**
*(чейрек/мезгил аралыгы өткөн жылдын чейрегине/ мезгилиине карата пайыздарда)*


| | 2009 | | | | | 2009 | 2010 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | I | II | янв-июнь | III | IV | | I | II | янв-июнь |
| **Колдонулган ИДП** | **-1,3** | **-2,1** | **-1,8** | **4,5** | **5,1** | **2,3** | **16,4** | **-3,8** | **5,0** |
| Түпкү керектөө | -7,9 | -9,9 | -9,0 | 2,3 | 2,5 | -2,6 | 0,7 | 2,5 | 1,7 |
| Жекече керектөө | -8,8 | -11,4 | -10,2 | 1,9 | 2,8 | -3,2 | 0,8 | 2,6 | 1,8 |
| Үй чарбасы | -9,8 | -13,0 | -11,5 | 1,9 | 2,8 | -3,7 | 1,0 | 2,5 | 1,8 |
| ҮЧТКУ | -0,2 | 1,5 | 0,8 | 1,0 | 3,1 | 1,5 | -1,9 | 2,3 | 0,7 |
| Мамлекеттик мекемелердики | 0,0 | 1,1 | 0,6 | 1,8 | 2,5 | 1,5 | -0,1 | 3,4 | 2,0 |
| Жамааттык пайдалануу | 6,7 | 7,0 | 6,9 | 8,6 | 0,4 | 5,0 | -1,0 | 1,8 | 0,7 |
| Дүң топтоо | -51,1 | -52,5 | -52,0 | -26,6 | -25,1 | -34,3 | 27,3 | 1,5 | 10,7 |
| Экспорт | 6,6 | 8,7 | 7,8 | -7,1 | -16,5 | -4,6 | 23,3 | -24,0 | -4,1 |
| Импорт | -14,2 | -22,6 | -18,9 | -21,8 | -21,5 | -20,5 | 0,9 | -2,9 | -1,1 |

*Булагы УСК*

2010-жылдын январь-август айларында эмгек акынын реалдуу өсүшү, алын-ала алынган маалыматтар боюнча 2009-жылдын ушул эле мезгилиндеги 7,0 пайызга салыштырганда, 8,3 пайызды түзгөн.

Калктын кирешелерин дифференциациялоо мурдагыдай эле жогору бойдон калууда. Акчалай агымдын жалпы көлөмүн калктын беш тобу боюнча бөлүштүрүү, кирешеси жогору топтордун пайдасына чегерилүүдө. Алсак, калктын жетиштүү жашагандар тобуна кирген бөлүгүнүн үлүшү 2009-жылдын жыйынтыгы боюнча, андан мурдагы жылдагыга салыштырганда 1,5 пайыздык пунктка көбөйүү менен калктын кирешелеринин жалпы көлөмүнүн 43,8 пайызын түзгөн, ал эми калктын жашоо деңгээли анча жогору болбогон 20 пайызынын кирешелеринин үлүшү, 0,4 пайыздык пунктка төмөндөө менен 6,4 пайызды түзгөн.

**1.1.1-сүрөт. Калктын акчалай кирешелеринин квинтильдик топтор боюнча түзүмү**
*(жыл башынан тартып)*




Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча жылдын кароого алынып жаткан мезгил ичинде жеке адамдардын акча каражаттарынын которуу системалары боюнча агымынын өсүшү катталган. 2010-жылдын январь-сентябрь айларында таза агылып кирүүнүн жалпы көлөмүнүн 2009-жылдагы ушул көрсөткүчкө карата катышы, 126,9 млн. АКШ долларына же 20,0 пайызга өскөн. Мында, мурдагыдай эле, акча которуулардын негизги үлүшү КМШ өлкөлөрүнөн, негизинен эмгек мигранттарынын көпчүлүк бөлүгү ишке тартылган Россиядан (акчалай агымдын жалпы көлөмүнүн 91,6 пайызы) келип түшкөн.

**1.1.2-таблица. Жеке адамдардын акча которуу системалары боюнча акча которуулары***
*(млн. АКШ долл.)*

| | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2009-ж. янв-сен | 2010-ж. янв-сен** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Сальдо** | **430,3** | **625,5** | **1 138,2** | **893,2** | **635,2** | **762,1** |
| **Агылып кирүүлөр** | **470,0** | **688,2** | **1 205,5** | **966,7** | **685,2** | **840,2** |
| КМШ өлкөлөрү | 436,7 | 648,8 | 1 141,4 | 894,4 | 628,9 | 797,6 |
| Казакстан | 0,0 | 7,0 | 27,9 | 31,4 | 23,1 | 27,8 |
| Россия | 436,6 | 641,8 | 1 113,5 | 862,9 | 605,7 | 769,7 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 33,4 | 39,4 | 64,1 | 72,3 | 56,3 | 42,6 |
| Бельгия | 0,0 | 0,1 | 0,5 | 0,5 | 0,4 | 0,1 |
| Улуу Британия | 0,9 | 0,9 | 1,8 | 1,4 | 1,0 | 1,0 |
| Германия | 0,0 | 0,1 | 0,2 | 0,7 | 0,5 | 7,5 |
| АКШ | 32,2 | 38,3 | 61,4 | 69,5 | 54,1 | 34,0 |
| Жана башкалар | 0,1 | 0,0 | 0,2 | 0,3 | 0,2 | 0,0 |
| **Агылып чыгуулар** | **39,7** | **62,7** | **67,3** | **73,6** | **50,0** | **78,1** |
| КМШ өлкөлөрү | 38,5 | 60,2 | 65,0 | 71,8 | 48,9 | 76,8 |
| Казакстан | 0,0 | 0,2 | 2,5 | 0,7 | 0,2 | 0,3 |
| Россия | 38,4 | 60,0 | 62,5 | 71,1 | 48,8 | 76,6 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 1,2 | 2,5 | 2,3 | 1,8 | 1,1 | 1,2 |
| Бельгия | 0,0 | 0,1 | 0,1 | 0,2 | 0,1 | 0,3 |
| Германия | 0,0 | 0,2 | 0,4 | 0,4 | 0,1 | 0,1 |
| АКШ | 1,1 | 2,1 | 1,7 | 1,1 | 0,8 | 0,6 |
| Жана башкалар | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,0 | 0,1 |

* Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Сибконтакт, Быстрая почта, Аллюр ж.б. которуу системалары жана “Кыргызпочтасы” МИ аркылуу которуулар.

**алдын-ала алынган маалыматтар.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик финансы сектору экономикалык өсүш арымынын басаңдоосуна түрткү берген жылдын апрель жана июнь айларындагы каргашалуу окуялардын терс кесепетинин натыйжаларын дале башынан кечирүүдө.


Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын-ала маалыматтары боюнча 2010-жылдын январь-август айларынын ичиндеги мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 4,5 млрд. сомду же ИДПга карата 3,8 пайызды түзгөн (2009-жылдын ушул эле мезгил ичинде мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 0,9 млрд. сомду же ИДПга карата 0,8 пайыз чегинде катталган эле). Мында, «Кумтөрдүн» дүң кирешесинен салыктан түшкөн каражаттарды эске албаганда, мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 7,9 млрд. сомду же ИДПга карата 6,6 пайызды түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде операциялык ишке мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашалары 37,1 млрд. сомду же ИДПга карата 30,8 пайызды түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушул көрсөткүчкө салыштырганда, 7,2 млрд. сомго же ИДПга карата 4,6 пайыздык пункта көбөйгөн. Утурумдук керектөөлөргө бюджеттик чыгашалардын көбөйүү тенденциясы байкалган. Алсак, эмгек акыга жана Кыргыз Республикасынын социалдык фондусуна чегерүүлөргө, ошондой эле социалдык жөлөкпулдарга жылдын январь-август айларынын ичинде жумшалган чыгашалар, операциялык ишкердикке мамлекеттик чыгашалардын жалпы көлөмүнүн 54,3 пайызын түзүү менен 2009-жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 3,1 пайыздык пунктка көбөйгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде финансылык эмес активдерди сатып алуу операциялары боюнча акча каражаттарынын таза агылып чыгуусу 3,3 млрд. сомду түзгөн, бул 2009-жылдын ушул эле мезгилиндеги тиешелүү көрсөткүчтөн 2,3 млрд. сомго же 41,2 пайызга аз.

Мамлекеттик бюджеттин кирешелери жана алынган расмий трансферттер өткөн жылдын ушул эле мезгилиндеги тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 3,6 пайызга көбөйүү менен 35,9 млрд. сомду же ИДПга карата 29,9 пайызды түзгөн. Мында, салыктык кирешелер жана салыктык эмес түшүүлөр операциялык ишкердиктен мамлекеттик бюджеттин кирешесинин 11,5 пайыздык пункта өсүшүнө салымды камсыз кылган, ал эми расмий трансферттердин түшүүсү өсүшкө 7,9 пайыздык пункт чегинде терс салымды камсыз кылган.

**1.1.2-сүрөт. Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы**
*(жыл башынан)*




2010-жылдын январь-сентябрь айларында негизги капиталга жумшалып, өздөштүрүлгөн инвестициялардын деңгээли өткөн жылдын январь-сентябрь айларындагыга салыштырганда, 2,7 пайызга азайуу менен 24,9 млрд. сомду түзгөн (2009-жылдын 9 айынын жыйынтыгы боюнча негизги капиталга инвестициялар 9,5 пайызга көбөйгөн эле). Негизги капиталга инвестициялардын өсүш арымынын басаңдоосу эң оболу, «Камбар-Ата2» ГЭСинин курулушунун ж.б. ири долбоорлордун аяктоосунун алкагында, энергетика тармагына инвестициялардын азаюусу менен шартталган.

**1.1.3-таблица. Каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестициялар**

| | млн. сом | | жыйынтыгына карата пайыздар | |
|---|---|---|---|---|
| | 2009-ж. янв-сен | 2010-ж. янв-сен | 2009-ж. янв-сен | 2010-ж. янв-сен |
| **Бардыгы** | **23 975,7** | **24 905,2** | **100,0** | **100,0** |
| **Ички инвестициялар** | **17 995,9** | **19 419,3** | **75,1** | **78,0** |
| Республикалык бюджет (өзгөчө кырдаалдарга каражаттар) | 4 523,6 | 1 399,7 | 18,9 | 5,6 |
| Жергиликтүү бюджет | 337,0 | 385,8 | 1,4 | 1,5 |
| Ишканалардын, уюмдардын каражаттары | 6 022,8 | 8 578,3 | 25,1 | 34,4 |
| Банктын кредити | 24,7 | 2 208,0 | 0,1 | 8,9 |
| Калктын каражаты | 7 087,6 | 6 841,7 | 29,6 | 27,5 |
| Кайрымдуулук жардамы | 0,2 | 5,8 | 0,0 | 0,0 |
| **Тышкы инвестициялар** | **5 979,8** | **5 485,9** | **24,9** | **22,0** |
| Чет өлкө кредити | 3 742,4 | 2 790,4 | 15,6 | 11,2 |
| Тике чет өлкө инвестициялары | 1 628,0 | 1 860,4 | 6,8 | 7,5 |
| Чет өлкө гранттары жана гуманитардык жардам | 609,4 | 835,1 | 2,5 | 3,4 |

*Булагы: УСК*

Негизги капиталга инвестицияларды каржылоо булактарынын түзүмүндө ар тараптуулук багыты белгиленген. Алсак, ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен инвестициялар 32,9 пайызга өскөн (негизинен «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларына инвестициялардын өсүшүнө байланыштуу) калайык-калктын каражаттарынын эсебинен инвестициялар, өтүп жаткан жылдын 9 айы ичинде калктын жеке курулуш ишине чыгашаларынын 15,0 пайызга кыскаруусуна байланыштуу, 9,3 пайызга кыскарган.

Негизги капиталга инвестициялардын тармактык түзүмүндө 2010-жылдын январь-сентябрь айларында эң чоң үлүш тоо кендерин казып алуу өнөр жайына – 23,2 пайызы (негизинен «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларына инвестициялар), транспорт жана байланышка 17,7 пайыз (автомобиль жолдорун куруу жана реконструкциялоо, атап айтканда «Бишкек-Нарын-Торугарт» автомобиль жолдорун реконструкциялоого 1397,3 млн. сом жумшалган болсо, «Ош-Сарыташ-Иркештам» – 361,8 млн. сом, «Тараз-Талас-Суусамыр» – 194,6 млн. сом, «Түштүк транспорт коридоруна» – 153,3 млн. сом, «Ош-Иркештам» – 116,7 млн. сом, «Ош-Исфана» – 18,7 млн. сом, «Регионалдык жол коридорун жакшыртуу» долбоору боюнча жолдорду реабилитациялоого негизги капиталга инвестициялардын 384,1 млн. сом өздөштүрүлгөн), ошондой эле электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү 13,8 пайыз туура келген (көбүнесе «Камбар-Ата-2» ГЭСине).

Өтүп жаткан жылдын 9 айы ичинде коммерциялык банктар тарабынан 16,5 млрд.сом суммасында кредиттер берилген, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилиндеги 9,7 пайыз көлөмдөн ашат. Мында, 2010-жылдын сентябрь айынын акырына карата коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү, жылдын баш жагындагыга салыштырганда 5,0 пайызга көбөйүү менен 26,5 млрд. сомду түзгөн (2009-жылдын ушул эле мезгилине төмөндөө 1,6 пайыз чегинде катталган эле).


**1.1.4-таблица. Коммерциялык банктардын кредит портфелинин тармактык түзүмү**

| | 2009-ж. янв-сен | | 2009-ж. | | 2010-ж. янв-сен | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| Соода жана коммерциялык операциялар | 9 800,8 | 106,1 | 10 457,7 | 113,2 | 11 679,7 | 111,7 |
| Айыл чарбасы | 3 081,2 | 105,0 | 3 084,3 | 105,1 | 3 449,5 | 111,8 |
| Өнөр жайы | 1 508,0 | 103,0 | 1 388,8 | 94,8 | 1 334,3 | 96,1 |
| Ипотека | 3 203,6 | 89,1 | 3 087,9 | 85,9 | 2 865,5 | 92,8 |
| Курулуш | 2 192,0 | 90,2 | 1 950,3 | 80,2 | 1 943,4 | 99,6 |
| Керектөө кредиттери | 2 015,7 | 95,1 | 2 028,0 | 95,7 | 1 878,8 | 92,6 |
| Жана башкалар | 3 401,4 | 88,9 | 3 217,4 | 84,0 | 3 315,2 | 103,0 |
| **Кредит портфели** | **25 202,7** | **98,4** | **25 214,3** | **98,5** | **26 466,5** | **105,0** |

Банктардын кредиттеринин негизги бөлүгү соода чөйрөсүнө тартылган. Мына ушул кредиттердин көлөмү кароого алынып жаткан мезгил ичинде 11,7 пайызга көбөйүп, ал эми алардын үлүшү 41,5 пайыздан 44,1 пайызга чейин өскөн. Айыл-чарбасы банктар жигердүү кредиттөөгө алган башка бир маанилүү сектордон болгон, бул тармакка кредиттердин көлөмү 11,8 пайызга өскөн, ал эми коммерциялык банктардын жалпы кредит портфелинде алардын үлүшү 12,2 пайыздан 13,0 пайызга чейин көбөйгөн. Экономиканын калган башка тармактарына кредиттердин үлүшү кыскарган: ипотека кредиттери 12,2 пайыздан 18 пайызга чейин, курулушка кредиттер – 7,7 пайыздан 7,3 пайызга чейин, керектөө кредиттери – 8,0 пайыздан 7,1 пайызга чейин. Транспорт, байланыш, даярдоо жана кайра иштетүү чөй-

рөсүнө, ошондой эле социалдык кызмат көрсөтүүлөргө кредиттер суммардык мааниде алганда 1,6 пайызды түзүү менен бир аз эле үлүшкө ээ болгон. Кароого алып жаткан мезгил ичинде «башка» кредиттердин салыштырма салмагы 11,2 пайыздан 10,9 пайызга чейин азайган.


**1.1.3-сүрөт. Коммерциялык банктардын кредит портфелинин тармактык түзүмү**
*(бир мезгилдин акырына карата)*




Ушуну менен катары эле биринчи жарым жылдыкта банктык эмес финансы кредит мекемелери[1] тарабынан кредиттөөнүн өскөндүгү катталган. Алсак, июнь айынын акырына карата алынган маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондусун эске албаганда, БФКМдердин кредит портфели жылдын баш жагындагы көрсөткүчкө салыштырганда 15,2 пайызга көбөйүү менен 10,2 млрд. сомду түзгөн (коммерциялык банктардын кредит портфелинин 39,8 пайызы). БФКМдердин кредит портфелинин түзүмүндө эң чоң салыштырма салмак айыл-чарбасын (47,1 пайыз) жана сооданы (29,0 пайыз) каржылоого туура келет. 2010-жылдын январь-июнь айларында айыл чарбасын кредиттөө 29,4 пайызга көбөйгөн. Мында, соода операцияларын кредиттөө 3,8 пайызга төмөндөгөн (2009-жылдын акырына карата сооданы кредиттөөнүн өсүшү 7,8 пайызды түзгөн). 2010-жылдын биринчи жарым жылдыгында экономиканы банктык эмес финансы мекемелер тарабынан кредиттөөгө алуунун алгылыктуу өсүшү арымына карабастан, апрель-июнь айларындагы саясий окуялар БФКМдердин жыл акырына чейинки ишине терс таасирин тийгизиши да ыктымал.

[1] Банктык эмес финансы кредит мекемелери тарабынан регулятивдик отчеттор жарым жылдык негизде берилет.

**1.1.4-сүрөт. БФКМдердин кредит портфелинин тармактык түзүмү**
*(бир мезгилдин акырына карата)*




## 1.1.2. Сунуш

2010-жылдын январь-сентябрь айларында ИДПнын өсүшүнө негизги салымды кайра иштетүү өндүрүш тармактары жана электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү тармактарды кошуу менен ИДПнын 2,2 пайыздык пункт деңгээлинде чогуу алгандагы салымды камсыз кылган. Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү чогуу алгандагы сунуштоонун көлөмү жылдын январь-сентябрь айларында айыл чарба өнүмү менен 22,6 пайыз чегинде камсыз кылынган болсо, соода 15,1 пайызды, кайра иштетүү өндүрүш өнөр жайы 13,4 пайызды, ал эми транспорт жана байланыш ИДПнын жалпы көлөмүнүн 9,7 пайызын камсыз кылган.

**1.1.5-таблица. Ишкердиктин айрым түрлөрүнүн ИДПнын өсүшүнө/төмөндөөсүнө салымы**

| | 2009-ж. янв-сен | | 2010-ж. янв-сен | |
|---|---|---|---|---|
| | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* |
| **Ички дүң продукт** | **1,2** | **1,2** | **-0,5** | **-0,5** |
| Дүң кошулган нарк | 1,2 | 1,0 | -0,5 | -0,4 |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 4,9 | 1,3 | -3,4 | -0,8 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | 3,2 | 0,0 | 5,9 | 0,0 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | -12,6 | -1,6 | 18,1 | 1,9 |
| Э/энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | -8,1 | -0,1 | 11,5 | 0,2 |
| Курулуш | -2,9 | -0,1 | -3,0 | -0,1 |
| Соода, ремонт | 5,3 | 0,8 | -8,7 | -1,4 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 4,8 | 0,1 | -13,6 | -0,2 |
| Транспорт жана байланыш | 5,7 | 0,5 | 0,4 | 0,0 |
| Финансылык ишкердүүлүк | 7,3 | 0,1 | 2,2 | 0,0 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар, ижара | 0,8 | 0,0 | -2,4 | -0,1 |
| Мамлекеттик тескөө | 4,5 | 0,2 | 2,0 | 0,1 |
| Билим берүү | 1,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтарды сунуштоо | -0,4 | 0,0 | -0,8 | 0,0 |
| Коммуналдык жана жеке кызматтарды сунуштоо | -3,0 | -0,1 | -1,3 | 0,0 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | 1,2 | 0,2 | -0,5 | -0,1 |

*Булагы: УСК*

Кароого алынып жаткан жылдын 9 ай ичинде өнөр жайынын физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-сентябрь айларындагы 88,4 пайызга караганда 116,7 пайызды түзгөн. Ошону менен бирге эле, өндүрүштүн өсүшү алтын казып алуу ишканаларында да катталган: январь-сентябрь айларындагы өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшү, «Кумтөр» ишканаларын эске албаганда 115,6 пайызды түзгөн.

Өнөр жай продукцияларынын көлөмүнүн өсүшү металлургия өндүрүшүндө жана металл буюмдарын жасап чыгарууда (1,2 эсеге), башка металл эмес минерал продукцияларын (1,5 эсе), текстиль жана тигүү өндүрүшүндө (1,5 эсеге), ошондой эле электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүүдө (1,1 эсеге) олуттуу өсүштүн эсебинен жетишилген. Өнөр жайынын ИДПнын өсүшүнө кошкон алгылыктуу салымы 2010-жылдын январь-сентябрь айлары үчүн алдын-ала маалыматтарга ылайык, 2.2 пайыздык пункт деңгээлинде калыптанган. Өнөр жайындагы олуттуу өсүштү 2009-жылдагы абалдын таасиринин сакталып турушу менен түшүндүрүүгө болот.

2010-жылдын сентябрь айынын акырына карата абал боюнча суусундуктарды жана тамекини кошо алганда, тамак-аш азыктарын өндүрүү болгону 0,1 пайызга гана көбөйүү менен өткөн жылдын деңгээлинде сакталып калган. Бул макарон, кесме сыяктуу ундан азыктарды жасап чыгаруунун 43,7 пайызга көбөйүүсүнөн, иштетилген түрдө сүт чыгаруунун 21,1 пайызга, тортторду кошо алганда, кондитердик азыктарды жасап чыгаруунун 10,1 пайызга, эт азыктарын жасап чыгарууну 7,9 пайызга көбөйтүүнүн эсебинен камсыз кыланган. Ошол эле учурда, 2009-жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчтөргө салыштырганда кант өндүрүү (71,9 пайызга), сары май чыгаруу (52,9 пайызга), минерал сууларын жасап чыгаруу (11,7 пайызга), ун тартуу (4,1 пайызга) төмөндөгөндүгү белгиленген.

Айыл-чарба продукцияларын дүңүнөн өндүрүү 2010-жылдын январь-сентябрь айларында 3,4 пайызга төмөндөгөн. Мында, 2010-жылдын сентябрь айынын акырына карата абал боюнча дан эгинин жана буурчак өсүмдүгүнүн түшүмүн жыйноо 86,2 пайызга аткарылган, республика боюнча дан эгиндеринин орточо түшүмдүүлүгү, 2009-жылдын ушул эле мезгилиндеги гектарынан 30,5 центнердин ордуна гектарынан 25,7 центнерди түзгөн (баштапкы кириштелген салмагында).

Кароого алынып жаткан жылдын январь-сентябрь айларында соода операцияларынын жүгүртүлүшүнүн кыскаруусу уланып, бүтүндөй алганда ИДПнын өсүшүнө 1,4 пайыздык пункт деңгээлинде терс салымды камсыз кылуу менен 2009-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда, 10,7 пайызга төмөндөгөн. Соода операцияларынын жүгүртүүсүнүн төмөндөөсү соода боюнча негизги өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөр менен соода шарттарынын өзгөрүүсү сыяктуу эле, республикада орун алган коомдук-саясий окуялардын терс кесепети менен шартталган.

**1.1.6-таблица. Соода операцияларынын дүң жүгүртүүсүнүн динамикасы жана түзүмү**

| | 2009-ж. янв-сен | | 2010-ж. янв-сен | |
|---|---|---|---|---|
| | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Соода** | **100,0** | **3,0** | **100,0** | **-10,7** |
| Авто жана мото техникаларын, тетиктерин сатуу | 3,4 | 1,3 | 3,1 | -16,1 |
| Техникалык жактан тейлөө жана авто ремонт | 0,6 | 6,1 | 0,5 | -16,7 |
| Мотор майлары менен чекене сатуу | 6,9 | 32,3 | 9,5 | -10,2 |
| Дүң соода | 34,2 | -4,3 | 31,2 | -16,0 |
| Чекене соода | 54,6 | 3,8 | 55,4 | -6,9 |
| Тиричилик буюмдарын ремонттоо | 0,2 | -19,5 | 0,2 | -22,9 |

*Булагы: УСК*

## 1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар

### Акча базасы

2010-жылдын 1-октябрына карата акча базасы 44,1 млрд. сомду түзүү менен үчүнчү чейрек ичинде 7,6 пайызга көбөйгөн (2009-жылдын үчүнчү чейрегинде акча базасынын көбөйүүсү 6,6 пайызды түзгөн). Жылдык мааниде алганда акча базасы 21,7 пайызга көбөйгөн.

Жылдын үчүнчү чейрегинде акча базасынын өзгөрүүсүнө (+3,1 млрд. сом) Өкмөттүн операциялары таасирин тийгизип, ал акча базасын 4,2 млрд. сомго көбөйткөн, ошол эле учурда, Улуттук банктын операциялары акча базасын 1,1 млрд. сомго азайткан. Салыштыруу үчүн алынган: 2009-жылдын үчүнчү чейрегинде акча базасынын көбөйүүсү 2,4 млрд. сомду түзгөн, мында акча базасынын өсүшүнө салымды Өкмөт сыяктуу эле, Улуттук банк да кошкон.

Жүгүртүүдөгү акча 2010-жылдын 1-октябрына карата чейрек ичинде 8,3 пайызга көбөйүү менен 40,0 млрд. сомду түзгөн (ал эми 2009-жылдын үчүнчү чейрегинде көбөйүү 5,2 пайызды түзгөн). Жүгүртүүдөгү акчанын өсүшү жылдык мааниде алганда 28,6 пайыз чегинде катталган.

Акча базасынын түзүмүндө 2010-жылдын үчүнчү чейрегинде жүгүртүүдөгү нак акчанын үлүшүнүн 90,1 пайыздан сентябрь айынын акырына карата 90,7 пайызга чейин көбөйүүсү жүргөн, демек коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептериндеги каражаттарынын үлүшү 9,9 пайыздан 9,3 пайызга чейин азайган.

### М2 акча топтому

М2 акча массасы 2010-жылдын 1-октябрына карата 49,4 млрд. сомду түзүү менен үчүнчү чейрек ичинде 7,6 пайызга көбөйгөн (2009-жылдын үчүнчү чейрегинде М2 топтомунун көбөйүүсү 4,6 пайыз чегинде катталган эле). М2 акча массcасынын өсүшү жылдык мааниде алганда 29,9 пайызды түзгөн.

М2 акча топтомунун көлөмүнүн көбөйүүсү банктардан тышкаркы акчанын 8,6 пайызга жана улуттук валютадагы депозиттердин 4,0 пайызга, анын ичинде которулма депозиттердин (талап боюнча төлөнүүчү депозит-

тердин) 5,7 пайызга, ал эми башка депозиттердин (мөөнөттүү депозиттерди) 0,3 пайызга көбөйүүсү менен шартталган.

**M2X акча топтому**

Чет өлкө валютасындагы депозиттерди камтыган M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын көлөмү 2010-жылдын 1-октябрына карата 62,9 млрд. сомду түзүү менен үчүнчү чейрек ичинде 10,1 пайызга көбөйгөн (ал эми 2009-жылдын ушул эле мезгилинде M2Xтин көбөйүүсү 6,3 пайызды түзгөн эле). Жылдык мааниде алганда M2X акча массасы 27,0 пайызга көбөйгөн.

Кароого алынып жаткан жылдын үчүнчү чейрегинде кеңири мааниде колдонулуучу M2X акча массасынын өзгөрүүсү банктардан тышкаркы акчанын 8,6 пайызга жана депозиттердин жалпы көлөмүнүн[1] 12,5 пайызга артышы менен шартталган. Мында, чет өлкө валютасындагы депозиттердин көбөйүүсү 20,6 пайызды түзгөн болсо, улуттук валютадагы депозиттер 4,0 пайызга көбөйгөн (2009-жылдын үчүнчү чейрегинде M2Xтин артышы депозиттердин жалпы көлөмүнүн 7,4 пайызга жана банктардан тышкаркы акчанын 5,6 пайызга көбөйүүсүнүн эсебинен жүргөн).

M2X акча массасынын түзүмүндө кароого алынып жаткан чейрек ичинде төмөнкүдөй өзгөрүүлөр жүргөн:


– банктардан тышкаркы нак акчанын үлүшү 61,9 дан 61,0 пайызга чейин азайган;
– улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү 18,5 дан 17,5 пайызга чейин азайган;
– чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 19,6 дан 21,5 пайызга чейин көбөйгөн.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн кеңири маанидеги M2X акча мультипликатору жылдын үчүнчү чейрегинде июнь айынын акырындагы 1,393төн сентябрь айынын акырындагы 1,426 чейин көбөйгөн. (2009-жылдын сентябрь айынын акырына карата ал 1,367 деңгээлинде катталган эле).

2010-жылдын үчүнчү чейрегинде кеңири мааниде колдонулуучу M2X акча массасынын жүгүртүү тездиги июнь айынын акырындагы 3,8ден сентябрь айынын акырындагы 3,6 чейин төмөндөгөн (ал эми өткөн жылдын сентябрь айынын акырында ал 4,2 түзгөн эле). Демек, жүгүртүү тездигинин кайтарым көрсөткүчү – M2X акча топтому боюнча эсептелинген экономиканы монетизациялоо коэффициенти үчүнчү чейрек ичинде июнь айынын акырындагы 26,0 пайыздан сентябрь айынын акырындагы 27,4 пайызга чейин көбөйгөн. (2009-жылдын сентябрь айынын акырында ал 23,8 пайызды түзгөн).


[1] Банк тутумунун аналитикалык балансында келтирилген маалыматтарда жеке адамдардын жана юридикалык жактардын депозиттери, ошондой эле башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттери камтылган. Мында Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттери эске алынган эмес.

**1.2.1-сүрөт. Акча топтомдорунун жылдык номиналдык өсүш арымдары**




2010-жылдын кароого алынып жаткан чейреги ичинде финансы рыногунун ишине экономикалык агенттердин жигердүүлүгүнүн басаңдоосу, ошондой эле экономиканын өнүгүү багытынын белгисиздиги таасирин тийгизген. Экономикалык агенттердин терс күтүүлөрү, ошондой эле калайык-калктын банк тутумуна карата ишениминин төмөндөшү коммерциялык банктардын депозиттик базасын экинчи чейректеги деңгээлде сакталып калышына түрткү берген. Мындан тышкары, коммерциялык банктардагы үстөк камдардын деңгээлинин өзгөрүп туруусу да банктар аралык кредит рыногунда карыздык ресурстарга болгон жогорку суроо-талап менен коштолгон.


**1.2.2-сүрөт. Акча рыногундагы чендердин динамикасы**




2010-жылдын июль-сентябрь айларында Улуттук банк банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салуу үчүн өзүнүн 28 күндүк ноталарын колдонууну уланткан. Банктарда ликвиддүүлүк деңгээлинин жогорулоосуна байланыштуу, июль айынан тартып Улуттук банк 28 күндүк ноталарын су-

нуштоону арттыруу менен көлөмүн ага карата жогорку суроо-талаптын сакталып турушу алкагында анын көлөмүн бара-бара арттырган. Натыйжада, чейректин акырына карата ноталарды жумалык сунуштоо 75,0 млн. сомдон 100,0 млн. сомго чейин жеткирилген. Ноталардын кирешелүүлүгү да чейректин алгачкы 2 айы ичинде туруктуу төмөндөп, ал эми сентябрь айында суроо-талаптын кыскаруусуна байланыштуу, өсүшкө ээ болгон. Бүтүндөй алганда чейрек ичинде жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталардын орточо алынган кирешелүүлүгү экинчи чейректеги кирешелүүлүккө салыштырганда 0,5 пайыздык пунктка төмөндөө менен 2,5 пайызды түзгөн. Өткөн жылдын ушул эле мезгилиндеги тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 28 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 2,3 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

**1.2.3-сүрөт. Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүгүнүн динамикасы**





Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталарынын акыркы 4 аукциондо калыптанган орточолонгон мааниси катары аныкталган эсептик чен сентябрь айынын акырына карата 2,8 пайызды түзгөн. Ал эми «овернайт» креиттери боюнча чен мезгилдин акырына карата 3,5 пайыз чегинде катталган. Иликтөөгө алынып жаткан чейрек ичинде, Улуттук банк 3,2 пайыз орточо ченде 765,0 млн. сом жалпы суммасында коммерциялык банктарга «овернайт» кредиттерин берген.

Үчүнчү чейрек ичинде Финансы министрлигинин МКОну жумалык сунуштоонун көлөмү экинчи чейректин деңгээлинде сакталып калган. Инвесторлордун бул баалуу кагаздарга карата талабы төмөнкү деңгээлде болуу менен ал, бүтүндөй чейрек ичинде МКОнун кирешелүүлүгүнүн өсүшүнө таасирин тийгизген. 2010-жылдын июль-сентябрь айларынын ичинде бүтүндөй алганда 18,7 пайыз (+1,9 пайыздык пункт) орточо алынган кирешелүүлүгү менен 330,0 млн. сом суммасында МКО жайгаштырылган.

Биринчилик рыногунда МКВ эмитенти жүгүртүү мөөнөтү үч ай болгон МКВны сунуштоону экинчи чейректин деңгээлинде калтыруу менен жүгүртүү мөөнөтү 6 ай жана 12 ай болгон МКВларды жайгаштыруу кө-

лөмүн арттырган. Мында, баалуу кагаздардын бул түрлөрүнө инвесторлордун талабы бардык аукциондордо аны сунуштоoодон дээрлик төмөн болгондуктан, бул кирешелүүлүктүн өсүшүнө да өз таасирин тийгизген. Алсак, кароого алынып жаткан мезгил ичинде МКВлардын орточо алынган жалпы кирешелүүлүгү өткөн чейректеги көрсөткүчкө салыштырганда 3,7 пайыздык пунктка көбөйүү менен 13,2 пайызды түзгөн. Жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон МКВ кирешелүүлүгү 0,1 пайыздык пунктка көбөйүп, 5,9 пайызды түзгөн, жүгүртүү мөөнөтү 6 ай болгон МКВнын кирешелүүлүгү 1,0 пайыздык пунктка азайуу менен 7,6 пайызга чейинкини, ал эми 12 айлык МКВ боюнча 4,3 пайыздык пунктка көбөйүп, 14,8 пайызга чейинкини түзгөн. МКВ кирешелүүлүгүнүн жалпы деңгээли 2009-жылдын тиешелүү чейрегиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 4,4 пайыздык пукнтка өскөн.

**1.2.4-сүрөт. МКВ кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногунда иликтөөгө алынып жаткан жылдын үчүнчү чейрегинде карыздык каражаттарга талап жогорку деңгээлде болгон, муну коммерциялык банктардагы үстөк камдардын өзгөрүп туруусу менен түшүндүрүүгө болот. Улуттук жана чет өлкө валюталарындагы банктар аралык кредиттердин наркы негизинен, эсептик чендин өзгөрүүсүнүн жана акча рыногунун башка сегменттериндеги чендердин өзгөрүүсү таасири астында аныкталган. Үчүнчү чейрек ичинде ишке ашырылган репо-операциялардын жалпы көлөмү, өткөн чейректеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 8,6 пайызга кыскаруу менен 973,2 млн. сомду түзгөн, ал эми алар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,5 пайыздык пунктка, 4,0 пайызга чейин көбөйгөн. Улуттук валютадагы жөнөкөй кредиттик операциялардын көлөмү 152,5 млн. сом суммасында калыптанып, алар боюнча пайыздык чен 3,9 пайызды түзгөн (-1,0 пайыздык пункт). 2009-жылдын үчүнчү чейрегиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда репо-операциялар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 1,5 пайыздык пунктка, улуттук валютадагы банктар аралык кредиттер боюнча чен 1,3 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

Ички банктар аралык кредиттик рыноктогу чет өлкө валютасындагы операциялар сегментинде отчеттук чейрек ичинде бүтүмдөргө келишилген эмес.

Кароого алынып жаткан чейрек ичинде Улуттук банк тарабынан МКВ(ж)ны репо шарттарында сатуу боюнча аукциондор, ошондой эле коммерциялык банктар менен своп-операциялары жүргүзүлгөн эмес. Коммерциялык банктар Улуттук банктагы мөөнөттүү депозиттик эсептерге да каражаттарын жайгаштырган эмес.


## 1.3. Тышкы экономикалык шарттар

### Соода балансы

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгы 2010-жылдын үчүнчү чейрегинде 485,2 млн. АКШ долларын түзүү менен 2009-жылдын үчүнчү чейрегиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 61,1 пайызга көбөйгөн.

Отчеттук мезгил ичинде тышкы соода жүгүртүү[1] өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда 2,1 пайызга өсүү менен 1 191,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Айрыкча, Кыргызстандын КМШ өкүлдөрү менен соода мамилелери жигердүү өнүгүү жолуна ык коюп, ал товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмүндө 58,6 пайызды түзгөн. Ал эми, алыскы чет өлкөлөрдүн үлүшү 41,4 пайыз чегинде катталган.

**1.3.1-сүрөт. Тышкы соода**




Товарлардын экспорту (ФОБ баасында)[2] 2010-жылдын үчүнчү чейрегинде 353,4 млн. АКШ долларын түзүү менен 2009-жылдын үчүнчү чейрегиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 18,4 пайызга азайган. Мындай жагдайдын түптөлүшү алыскы чет өлкөлөргө экспорттун 42,5 пайызга

[1] Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алуу менен Кыргыз Республикасынын УСКнын жана Кыргыз Республикасынын МБКнын маалыматтары боюнча.
[2] Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алуу менен Кыргыз Республикасынын УСКнын жана Кыргыз Республикасынын МБКнын маалыматтары боюнча.

же 86,2 млн. АКШ долларына кыскаруусу менен шартталган. КМШ өлкөлөрүнө товарлардын экспорту боюнча 2,8 пайызга же 6,4 млн. АКШ долларына бир аз өсүштүн жүргөндүгү катталган.

Отчеттук мезгил ичинде экпорттолгон товарлардын[1] негизги топторунун салыштырма салмагын төмөнкүчө мүнөздөөгө болот: аралык товарлары экспорттун чогуу алгандагы көлөмүнүн 35,5 пайызын, керектөө товарлары – 34,2 пайызын, энергопродукциялары – 17, 8 пайызын, ал эми чийки заттар 6,9 пайызын түзгөн.

Экпорттун эң ири функционалдык статьясы болуп саналган аралык товарларынын жылдын үчүнчү чейрегинде 29,7 пайызы өлчөмүндө кыскаруусуна карабастан, алардын көлөмү 99,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Экспортунун көлөмү 38,1 пайызга кыскаруу менен 75,8 млн. АКШ доллары деңгээлине чейин төмөндөгөн алтын мурдагыдай эле, бул статьянын негизги түзүүчүсүнөн болгон. Алтынды берүүлөрдүн төмөндөөсүн баалуу металлды өндүрүүнүн көлөмүнүн төмөндөөсүнүн натыйжасында экспорттун физикалык көлөмүнүн 51,5 пайызга азайуусу менен түшүндүрүүгө болот.

Керектөө товарларынын экспорту 47,3 пайызга өсүү менен 95,9 млн./ АКШ долларын түзгөн. Көлөмү 63,3 пайызга же 21,5 млн. АКШ долларына өскөн азык-түлүктөн башка товарларды берүүлөр ушул статья боюнча экспорттун көбөйүүсүнө негизги салым кошкон. Бул биринчи кезекте, 2,0 эсеге (18,9 млн. АКШ долларына) өскөн кийим-кечелерди Россия Федерациясына экспорттоодон көрүнгөн. Ал эми үчүнчү чейрек аралыгында электр лампаларынын экспорту тескерисинче, аларды берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн төмөндөөсүнүн натыйжасында 4,8 пайызга же 0,3 млн. АКШ долларына кыскарган. Азык-түлүк товарларынын түзүмүндө экспорттун өсүшү май жана сырдан тышкары, негизинен баанын өсүшүнүн эсебинен сүт жана сүт азыктары (38,6 пайызга же 1,6 млн. АКШ долларына); экспорттун физикалык көлөмүнүн көбөйүүсүнүн эсебинен эт жана эт азыктары (16,6 эсе же 3,1 млн. АКШ долларына), ошондой эле жуурулган май жана сүттөн алынган башка майлар (14,8 эсе же 2,1 млн. АКШ доллары) сыяктуу товардык позициялар боюнча байкалган.

2010-жылдын үчүнчү чейрегинде энергопродукцияларынын экспорту 37,0 пайызга төмөндөө менен 50,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Энергопродукцияларынын экспортунун негизги товардык номенклатурасында, башка өлкөлөрдөн, атап айтканда, баасынын жогорулап кетишинен улам, Өзбекстандан ага карата талаптын төмөндөөсүнүн натыйжасында авиакеросиндин реэкспорту боюнча байкалган (70,9 пайызга же 31,0 млн. АКШ долларына). Отчеттук мезгил ичинде, электр энергиясынын экспорту, эң башкысы берүүлөрдүн натуралай көлөмүнүн 62,2 пайызга артышынын эсебинен 19,3 пайызга же 5,7 млн. АКШ долларына өскөн.

Чийки зат экспорту 67,1 пайызга кыскарып, 19,2 млн. АКШ долларын түзгөн. Экспорттун жалпы көлөмүндө ушул категориянын салыштырма

[1] Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алуу менен Кыргыз Республикасынын УСКнын жана Кыргыз Республикасынын МБКнын маалыматтары боюнча.

салмагы 9,3 пайыздык пунктка кескин төмөндөө менен 6,9 пайызды түзгөн. Муну органикалык эмес химиялык заттарды берүүлөрдүн төмөндөөсү менен түшүндүрүүгө болот (89,0 пайызга же 41,5 млн. АКШ доларына), булар чийки зат продукцияларынын экспортунда убагында негизги үлүштү түзүп келген. Жогоруда белгиленген төмөндөө экспортунун физикалык көлөмүн үч эселентип көбөйтүүнүн натыйжасында, тамекини берүүлөрдүн 3,6 эсеге (6,9 АКШ долларына) өсүшү менен жарым жартылай компенсацияланган.

Товарлардын экспортунун географиялык түзүмүндө 2010-жылдын үчүнчү чейрегинде КМШ өлкөлөрүнүн топтору лидер болуп калган (чогуу алгандагы эскпортун 60,2 пайызы). Мында, Бажы союзуна катышуучу болгон өлкөлөргө экспорттун көлөмү үчүнчү чейрек ичинде 43,1 пайызга же абсолюттук мааниде алганда 45,3 млн. АКШ долларына көбөйгөн. Россия жана Казакстан сыяктуу мамлекеттер кыргыз экспортун негизги керектөөчүлөрдөн болушкан. Алыскы чет өлкөлөрдүн ичинен Швейцария мамлекети ири өнөктөштөн (26,7 пайыз) болуп калган. Франция жана Бириккен Араб Эмираттары сыяктуу өлкөлөрдүн позицияларынын өзгөргөндүгү да байкалган. Алсак, экспорттун жалпы көлөмүндө Франциянын үлүшү, 2009-жылдын үчүнчү чейрегиндеги 10,2 пайызга салыштырганда 0,1 пайызды түзгөн, муну ушул өлкөгө органикалык эмес химиялык заттарды берүүлөрдүн олуттуу кыскаруусу менен түшүндүрүүгө болот. Алтындын экспортунун көлөмүнүн төмөндөшүнүн натыйжасында Бириккен Араб Эмираттарынын үлүшү 24,9 пайыздан 2,0 пайызга чейин төмөндөгөн.

Товарлардын ФОБ баасындагы импорту[1] үчүнчү чейректе 14,2 пайызга өсүү менен 838,5 млн. АКШ долларын түзгөн, КМШ өлкөлөрүнөн импорттун өсүшү 1,6 пайызды түзгөн шартта, алыскы чет өлкөлөрдөн импорт айрыкча көбөйгөн (34,8 пайызга).

2010-жылдын үчүнчү чейрегинин жыйынтыгы боюнча функционалдык түзүмгө ылайык[2] импорттук операциялардын эң ири товардык категориясынан болуп энергопродукциялары (импорттун чогуу алгандагы көлөмүнүн 35,3 пайызы), керектөө товарлары (27,7 пайыз) жана аралык товарлары (19,3 пайыз) саналган.

Отчеттук мезгил ичинде энергопродукцияларынын импорту 36,6 пайызга көбөйүү менен 322,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Энергопродукцияларынын импортунун 90,0 пайызынан көбүрөөгү мунай заттарынын түшүүлөрүнө туура келген. Айрыкча, Россиядан алынган (тунук) мунай отунуна экспорттук алымдардын көбөйүүсүнө байланыштуу күйүүчү-майлоочу материалдарга (КММ) баанын жогорулоосу жана өсүштүн айкын арымынын төмөндөөсү уланган. Жыйынтыгында, үчүнчү чейрек ичинде КММга импорттук баа 56,7 пайызга өсүп, мында, ташып келүүнүн физикалык көлөмү 2009-жылдын үчүнчү чейрегиндегиге салыштыруу үчүн алынган көрсөткүчтөргө караганда 10,2 пайызга төмөндөгөн. Ошентип,

[1] СИФ баасындагы импорт 912,2 млн. АКШ долларын, соода балансынын тартыштыгы 558,8 млн. АКШ долларын түзгөн.

[2] Кыргыз Республикасынын УСКсынын жана Кыргыз Республикасынын МБКсынын маалыматтары боюнча.

баа факторунун таасири астында авиакеросининин, дизель отунунун жана автомобиль бензининин импорту өскөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде ошондой эле, мунай битумунун импорту да арткан (2,4 эсеге же 4,1 млн. АКШ долларына). Отундун мына ушул түрүнүн натуралай көлөмдө түшүүлөрүнүн 34,8 пайызга кыскаруусунун натыйжасында, газдын импорту боюнча терс тенденциянын орун алгандыгы белгиленген (37,4 пайызга же 3,5 млн. АКШ долларына кыскаруу), муну өлкөдө жалпы экономикалык жигердүүлүктүн басаңдоосунун натыйжасында өнөр жай секторунун газга болгон ички талабынын төмөндөөсү менен түшүндүрүүгө болот.

Отчеттук мезгил ичинде керектөөгө каралган товарлардын импорту 10,7 пайызга көбөйүү менен 252,3 млн. АКШ доллар көлөмүнө жеткен. Берүүлөрдүн санынын артышынын натыйжасында телефон аппараттарынын импорту боюнча эң чоң өсүш катталган. Ушул товардык позиция боюнча импорттун нарктык көлөмү 4,3 эсеге же 10,4 млн. АКШ долларына өскөн. Мындан тышкары, азык-түлүктөн башка товарлардын курамында кийим-кечелердин (2,8 эсеге же 4,3 млн. АКШ долларына) жана бут кийимдердин (20,9 пайызга же 2,0 млн. АКШ долларына) импорту өскөн. Сандык көрсөткүчтүн төмөндөөсүнөн улам, жеңил автомобиль импортунун нарктык көлөмү 49,1 пайызга же абсолюттук мааниде алганда 19,8 млн. АКШ долларына кыскарган. Азык-түлүк товарлар түзүмүндө эт жана эт азыктарынын импортунун 56,4 пайызга же 6,0 млн. АКШ долларына (баанын жогорулоосунун жана түшүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн көбөйүүсүнүн эсебинен), канттын импортунун – 12,9 пайызга же 2,3 млн. АКШ долларына (баанын өсүшүнүн эсебинен), өсүмдүк майынын – 32,7 пайызга же 2,7 млн. АКШ долларына (импорттун физикалык көлөмүнүн көбөйүүсүнүн эсебинен) өскөндүгү байкалган. Мында, натуралай көлөмдө түшүүлөрдүн төмөндөөсүнүн эсебинен кофенин, чайдын, какаонун жана шоколад азыктарынын импортунун (50,7 пайызга же 6,7 млн. АКШ долларына), күрүчтүн (30,6 пайызга же 2,3 млн. АКШ долларына) импортунун нарктык көлөмү төмөндөгөн.

Аралык товарлар тобу боюнча импорттун көлөмү 176,0 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2009-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 2,4 пайызга төмөн. Түшүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн кыскаруусу чоюндун жана болоттун, ошондой эле алардан жасалган буюмдардын импортунун (19,9 пайызга же 5,5 млн. АКШ долларына), ийне жалбырактуу өсүмдүк жыгачтар импортунун (30,0 пайызга же 3,1 млн. АКШ долларына), боео жана ийлөө заттарынын (21,8 пайызга же 1,6 млн. АКШ долларына), резина дөңгөлөктөрүнүн импортунун (16,0 пайызга же 1,7 млн. АКШ долларына) төмөндөшүнө алып келген. Баа жана сандык факторлордун таасиринен улам, баштапкы формадагы пластмассанын (67,8 пайызга же 3,7 млн. АКШ долларына), кездемелердин (17,7 пайызга же 2,0 млн. АКШ долларына), автомобиль тетиктеринин жана ага тиешелүү буюмдардын (24,6 пайызга же 1,7 млн. АКШ долларына) түшүүлөрү арткан.

Сырьелук товарлардын курамында буудайдын импорту үчүнчү чейрек ичинде 26,3 пайызга же 2009-жылдын ушул мезгилиндеги көрсөткүчкө са-

лыштырганда 3,1 млн. АКШ долларына өскөн, бул импорттук баа 12,4 пайызга кыскарган шартта, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 44,1 пайызга көбөйүүсүнүн эсебинен жүргөн. Мында, өтүп жаткан жылдын сентябрь айында буудайга акыркы тогуз ай ичиндеги максималдуу импорттук баа белгиленген. Анын деңгээли жыл башынан тартып 56,9 пайызга өсүү менен тоннасына 206,5 АКШ долларын түзгөн.

Географиялык түзүмгө ылайык, импорттун негизги үлүшү (54,9 пайызы КМШ өлкөлөрүнөн түшкөн) демек, алыскы чет өлкөлөрдүн үлүшү 45,1 пайыз чегинде катталган. Бажы союузуна кирген өлкөлөрдөн импорт болжол менен алганда, 2009-жылдын ушул эле мезгилиндеги деңгээлде калган. Импорттук операциялар боюнча Кыргызстандын негизги өнөктөш өлкөлөрүнөн болуп Россия (чогуу алгандагы импорттун 35,1 пайызы), Кытай (17,0 пайызы), Казакстан (9,2 пайызы) жана АКШ (7,0 пайызы) саналат.


## 1.4. Валюта курсу

2010-жылдын үчүнчү чейрегинде сомдун америка долларына карата алсыздануу деңгээли бир азга төмөндөгөн. Мында, июль айында АКШ доларынын курсунун туруктуу өсүш тенденциясы сакталып калган, айрыкча бул, девальвациялык күтүүлөрдүн орун алып туруу таасиринен улам да келип чыккан. Август айынан тартып, төмөндөөгө ык койгон тенденция ар тараптуу багыттуулукка алмашкан. Сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча АКШ доларынын курсунун төмөндөшү белгиленген. Мындай динамика, акчалай которуулар түрүндө анын агымынын көбөйүүсүнүн, ошондой эле банктардын кардарлардын импорттук контрактыларын тейлөө боюнча чыгашаларынын кыскаруусунун натыйжасында, рынокко валюталарды сунуштоонун артышы менен шартталган.

Улуттук банк, улуттук валютанын курсунун кескин өзгөрүп кетишине жол бербөө максатында, банктар аралык валюта тооруктарында АКШ долларын сатуу жана сатып алуу боюнча операцияларды жүргүзгөн. Үчүнчү чейректе алмашуу курсуна басымдын төмөндөөсүнө байланыштуу Улуттук банк, АКШ долларын сатуу боюнча операциялардын көлөмүн 32,5 пайызга, 60,8 млн. АКШ долларына чейин кыскарткан. Ошол эле учурда, рынокко валюталарды сунуштоонун артышына байланыштуу АКШ долларын сатып алуу боюнча операциялардын көлөмү жети эсеге көбөйтүлүп, алардын жалпы суммасы 15,0 млн. АКШ долларын түзгөн. (2009-жылдын үчүнчү чейрегиндегиге салыштырганда Улуттук банктын сатуу боюнча операцияларынын көлөмү үч эседен көбүрөккө көбөйүп, ал эми сатып алуу боюнча операциялары 61,0 пайызга азайган).

Сентябрь айынын акырына карата АКШ долларынын эсептик курсу чейрек ичинде 0,5 пайызга жогорулоо менен 46,6377 сом/ АКШ долларын түзгөн. (2009-жылдын үчүнчү чейрегинин жыйынтыгы боюнча доллардын эсептик курсу, чейрек ичинде 0,8 пайызга көбөйүү менен 43,6293 сом\ АКШ долларына түзгөн эле).

**1.4.1-сүрөт. АКШ долларынын эсептик курсунун өзгөрүү арымы**




Евро курсунун динамикасы тышкы рыноктордо анын АКШ долларына карата катышынын таасири астында калыптанган. Эл аралык рыноктордо евро курсунун өзгөрүүсүнүн алкагында үчүнчү чейрек ичинде алмашуу бюролорундагы евро курсу өз багытын чыңдалуу жагына сыяктуу эле, басаңдоо жагына да өзгөрткөн. Бүтүндөй алганда чейрек ичинде, еврону сатуу курсу сентябрь айынын акырына карата 63,0989 сом/еврону түзүү менен 11,5 пайызга көбөйгөн.

# 2-глава. Инфляция жана аны түзүүчүлөр


## 2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасына жүргүзүлгөн анализдөөлөр[1]

2010-жылдын сентябрь айында инфляциянын жылдык мааниси (2009-жылдын сентябрына карата) 12,1 пайызды түзгөн, ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилинде ал 2,1 пайыз чегинде катталган эле. Тамак-аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга керектөө бааларынын индексинин эң эле чоң өсүшү катталган. Товарлардын ушул тобу жылдык маанide алганда 14,4 пайызга кымбаттаган. Азык-түлүктөн башка товарларга (11,4 пайызга), алкоголдук ичимдиктерге жана тамекилерге баанын 8,8 пайызга, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө 9,4 пайызга жогорулагандыгы белгиленген.

Албетте, баанын мына ушундай деңгээли төмөндө келтирилген негизги факторлорунун таасиринен улам калыптанган:

– электр жана жылуулук энергиясына тариф саясатынын өзгөртүлүшү;
– дүйнөлүк рыноктордо түптөлгөн баанын таасиринен сыяктуу эле (буудай, кант), сезондук факторлордун таасири менен (мисалы, жашылча-жемиш, сүт-эт азыктары) негизги азык-түлүк товарларына баанын өзгөрүүсү;
– Кыргызстанга КММларды берүү шарттарынын өзгөртүлүшүнүн жана дүйнөлүк баанын өсүшүнүн натыйжасында ички рынокто КММлардын кымбатташы;
– коңшу мамлекеттер менен чек араларда контролдук-өткөрмө режиминин катуулатылышы, ошондой эле өлкөдө коомдук-саясий жагдайдын туруксуздугунан улам республика ичинде соода жүргүзүү шарттарынын начарлоосу менен.

**2.1.1-сүрөт. КБИнин жылдык динамикасы жана аны түзүүчүлөрдүн салымы**





[1] Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча.

2010-жылдын үчүнчү чейрек ичинде керектөө бааларынын индекси 105,9 пайызды (2009-жылдын үчүнчү чейрегинде 97,8 пайыз), анын ичинде тамак-аш азыктарына керектөө баасынын индекси 108,5 пайызды, алкоголдук ичимдиктерге жана тамекилерге 103,4 пайызды, азык-түлүктөн башка товарларга 103,8 пайызды, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө 104,9 пайызды түзгөн.

### 2.1.1. Азык-түлүк товарларына баа динамикасы

Ички рынокто түптөлгөн баа жагдайы негизинен жогорулоого ык коюу менен мүнөздөлгөн. Жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча азык-түлүк товарларына баа жылдык мааниде алганда 14,4 пайызга жогорулаган (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде анын 5,4 пайызга төмөндөөсү катталган). «Нан азыктары жана талкандар» товардык тобу боюнча 13,7 пайыз чегинде кымбаттоо жүргөн, анын ичинде 1-сорттогу буудай уну - 28,1 пайызга, сүт азыктарына баа – 3,0 пайызга, жашылча-жемиштерге баа - 4,9 пайызга жогорулаган. Ички рынокто өтүп жаткан жылдын июль айында, нан азыктарына жана талканга баанын өсүшү, жаратылыш шарттарынын ыңгайсыздыгынан улам аны өндүрүүчү өлкөлөрдө дан эгининин түшүмдүүлүгүнүн болжолдонуп жаткан кыскаруусунун, ошондой эле региондогу баага таасир этиши ыктымал болгон Россиядан дан эгинин экспорттоого тыюу салынышынын алкагында башталган.


**2.1.2-сүрөт. Азык-түлүк товарларына баанын динамикасы**




2010-жылдын үчүнчү чейрегинде айыл-чарба продукцияларын өндүрүүчүлөрдүн товарлардын айрым түрлөрүнө өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндегиге караганда бааны жогорулатуусу белгиленген. Алсак, өндүрүүчүлөрдүн дан эгинине баасы, жылдык мааниде алганда 3,0 пайызга, жашылчаларга 57,7 пайызга, этке 4,3 пайызга, сүт азыктарына 2,2 пайыз-

га жогорулаган. Керектөө баасынын индексинин картошкага (1,3 пайызга) жана жумурткага (16,1 пайызга) төмөндөгөндүгү катталган.

**2.1.3-сүрөт. Айыл-чарба азыктарынын айрым түрлөрүн өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индексинин жылдык динамикасы**




2010-жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча сезондук мүнөздөгү факторлордун таасири астында жашылча-жемиштерге баанын жогорулагандыгы байкалган: жемиштер 4,9 пайызга, ал эми жашылча 5,3 пайызга кымбаттаган. Ал эми жылдык мааниде алып караганда, ар тараптуу багыттагы динамиканын түптөлүшү белгиленген: жемиштерге баа 19,3 пайызга өскөн болсо, жашылчага баа 0,6 пайызга төмөндөгөн.

Кароого алынып жаткан чейрек ичинде, канттын наркы сезондук факторлордун таасиринен улам (консервациялоо жана кышка даярдыктарды көрүү) 1,7 пайызга өскөн. Ошондой болсо да, сырттан алынып келинген азыктардын наркынын салыштырмалуу төмөндүгү, ата-мекендик рынокто булардын наркын токтотуп турууну улантууда, бүтүндөй алганда сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча республикада кантка баанын жылдык өсүшүнүн басаңдоосу байкалып, ал 20,5 пайызды түзгөн. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик бажы кызматынын алдын-ала берген маалыматтары боюнча сырттан алынып келинген канттын орточо баасы сентябрь айында тоннасына 724 АКШ долларын түзгөн (2010-жылдын 2-чейрегине карата -6,7 пайыз).

Импорттолуп алынган эт азыктарынын наркынын импортко көз карандылыгынан улам жогорулоосу (жылдык мааниде +27,8 пайыз) баанын ички рынокто өсүшүнө да түрткү берет. Сентябрь айынын акырына карата эт азыктары жылдык мааниде алганда 15,1 пайызга кымбаттаган.

Сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча май жана тоң майлар рыногунда баанын 22,4 пайызга жогорулоосу катталган. Негизги өндүрүүчү өлкөлөрдө күн карама өсүмдүгүнүн түшүмдүүлүгүнүн начар болушунан улам, им-


порттолуп алынган продукциялардын уланып жаткан кымбаттоосу (жылдык мааниде алганда +8,6 пайыз) баанын динамикасынын мына ушундай чекте калыптанышынын себебинин биринен болгон.

Үчүнчү чейрек ичинде сезондук факторлордун таасиринен улам сүт азыктарын керектөө баасынын жогорулагандыгы катталып, ал 3,1 пайызды түзгөн. Негизинен, жылдык мааниде алып караганда, сүт азыктары 3,0 пайызга кымбаттаган.

### 2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарларга баа динамикасы

Азык-түлүктөн башка товарларга баа индексинин өсүшү жылдык мааниде алганда 11,4 пайызды түзгөн, бул 2009-жылдагы ушул көрсөткүчтөн 0,3 пайыздык пунктка төмөн. Азык-түлүк товарларына керектөө бааларынын индекси электрэнергиясына, ысык сууга жана борборлоштурулуп жылытууга тарифтердин динамикасы (+11,2 пайыз) жана күйүүчү-майлоочу материалдардын наркы (+31,8 пайыз) менен аныкталган. Ошондой эле, кийим тигүү үчүн керектелген материалдардын 14,7 пайызга жана кийим-кечелерди тазалоо, оңдоп тигүү жана прокатка берүүнүн 14,5 пайызга кымбатташынын эсебинен кийим-кече жана бут кийимге баанын 10,8 пайызга жогорулоосу да таасирин тийгизген. Тиричилик буюмдарына жана техникаларына баанын жогорулоосу катталып, ал 6,2 пайызды түзгөн. Мунун негизги себеби катары жыгачтын, ошондой эле шише буюмдарынын жана ашкана идиштеринин кымбатташына байланыштуу (+11,5 пайызга) эмеректерге жана тактайга төшөлүүчү материалдарга баанын өсүшүн (+3,0 пайызга) атоого болот.

**2.1.4-сүрөт. Азык-түлүктөн башка товарларга баанын жылдык динамикасы**





2010-жылдын 1-апрелинен тартып Россиядан Кыргызстанга экспорттолуучу мунай жана мунай заттарына экспорттук бажы алымдарынын кир-

гизилиши, энергия продукцияларына баанын дүйнөлүк динамикасынын таасиринин күчөшү республикадагы күйүүчү-майлоочу материалдардын наркына таасир эткен, анткени, мунайга дүйнөлүк фьючерстердин өсүшү менен катары эле, Кыргызстанга отунду негизги берүүчүлөрдөн болгон өлкөлөрдө экспорттук алымдар да өскөн жана тескерисинче. Алсак, сентябрь айында КММга баанын жылдык өсүшү 31,8 пайыз чегинде катталып, бензинге баа 28,1 пайызга, ал эми дизель отунуна 61,6 пайызга өскөн.

### 2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы

Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баа индексинин өсүшү жылдык мааниде алганда 9,4 пайызды түзгөн (2009-жылдын ушул эле мезгилинде 9,5 пайыз чегинде катталган эле). Ушул топ боюнча индекстин өсүшү, эң башкысы транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн (+9,8 пайызга), импорттолуп алынган дары-дармектердин наркынын жогорулоосунун натыйжасында саламаттыкты сактоо кызмат көрсөтүүлөрдүн (+23,8 пайызга), ошондой эле эс алууну уюштуруу жагындагы кызмат көрсөтүүлөрдүн кымбатташынын эсебинен (+18,4 пайызга) жүргөн. Жаңы окуу жылынын башталышынан тартып билим берүү кызмат көрсөтүүсүнүн наркынын өскөндүгү байкалып, ал 5,2 пайызды түзгөн. Ресторандардын жана мейманкалардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркы ашканаларда жана мейманкана номерлеринде азыктануу наркынын кымбатташына байланыштуу 12,9 пайызга жогорулаган.

**2.1.5-сүрөт. Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баалардын жылдык динамикасы**




### 2.1.4. Региондордо керектөө бааларынын динамикасы


Жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча республиканын бардык областтарында керектөө бааларынын жалпы деңгээлинин өскөндүгү байкалган. Жылдык мааниде алганда, баанын эң чоң жогорулоосу Баткен

областы (21,4 пайызга), Чүй (15,0 пайызга), Нарын (13,7 пайызга) жана Ош областы (12,4 пайызга) боюнча катталган. Айрыкча буга азык-түлүктөрдүн жана кызмат көрсөтүүлөрдүн кымбатташы негизги салым кошкон. Калган областтарда инфляция 10 пайызга жетпеген деңгээлде калыптанган: Ысык-Көл областында керектөө баалары 8,7 пайыз, Жалал-Абад областында 7,7 пайыз, ал эми Талас областында 7,6 пайыз чегинде белгиленген.

Республиканын борборунда баанын өсүшү 11,9 пайыз чегинде болуу менен тамак-аш азыктары 18,8 пайызга, алкоголдук ичимдиктер жана тамеки 8,9 пайызга, азык-түлүктөн башка товарлар 12,1 пайызга, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр 8,0 пайызга кымбаттаган.

Сентябрь айынын акырында Ош областында күйүүчү-майлоочу материалдарга, атап айтканда дизель отунуна баанын жогорулагандыгы байкалган. Талаа жумуштарын жүргүзүү учурунда КММга болгон убактылуу тартыштык, баанын өсүшүнө түрткү берген себептердин биринен болгон. Республиканын айрым областтарында тамекинин кымбаттагандыгы белгиленген. Республикада тамекинин түшүмүн жыйноонун төмөндөшү мунун негизги себептеринен болуу менен үчүнчү чейректин жыйынтыгы боюнча, бул көрсөткүч өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 9,6 пайызга төмөн калыптанган.

**2.1.6-сүрөт. КБИнин региондордогу жылдык динамикасы**




## 2.2. Базалык инфляция

Базалык инфляция баанын кыска мөөнөттүк, структуралык жана сезондук өзгөрүүсүн жокко чыгарган баа динамикасынын көрсөткүчү катары аныкталат, б.а. инфляция көрсөткүчүн эсептөөдөн түшүмдүн болбой калышы, КММ рыногунда баа таасири, тарифтерди административдик жогорулатуу ж.б. сыяктуу сезондук же тышкы факторлор менен шартталган товарларга баанын өсүшү алынып салынат.


Төмөндө жөнөкөй алып салуу ыкмасында эсептелинген базалык инфляция динамикасы чагылдырылган. Бул ыкма керектөө баасынын индек-

синен адетте, баасы бир жолку жана/же кыска мөөнөттүк мүнөзгө ээ таасирлерге өтө эле ийкемдүү келген товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым категорияларын же бүтүндөй тобун алып салууну түшүндүрөт. Баштапкыдай эле, мындай товарларга азык-түлүк товарлары, энерго продукциялары жана Өкмөт тарабынан административдик жол менен белгиленген тарифтер кирет.

2010-жылдын апрель айынан тартып Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети (УСК) базалык инфляцияны жөнөкөй алып салуу ыкмасында эсептөөнү баштаган (2010-жылдын 29-апрелинде бекитилген №9 ыкмага ылайык) эсептөөдө сүт, кант, жашылчалардын айрым түрлөрү, алкоголдук жана тамеки продукциялары, КММ, «Электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» товардык тобу, эл ташуучу транспорттун, байланыштын кызмат көрсөтүүлөрү жана башкалар алынып салынат. Бүтүндөй алганда, алынып салынуучу товарлардын үлүшү жалпы керектөө куржунунун 25% түзөт.

УСКнын ыкмасы боюнча базалык инфляциянын мааниси жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча КБИнин калыптанган деңгээлинен төмөн болгон, бирок бир аз эле өлчөмдө. Алсак, УСКнын ыкмасы боюнча базалык инфляция жылдык мааниде алганда 11,2 пайызды түзгөн, ал эми «арылтылбаган» инфляция 12,1 пайыз чегинде катталган. Базалык инфляциянын бул көрсөткүчү инфляция динамикасы туруктуу жогорулоого ык коюп, ал эми Кыргызстандын экономикасында жалпы жогорулаган инфляциялык басым калыптанып жаткандыгын тастыктоодо.

**2.2.1-сүрөт. Базалык инфляциянын эсептик көрсөткүчүнүн жылдык динамикасы**




Базалык инфляция 1 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: (1) нан азыктары жана талкандар, (2) майлар жана тоң майлар, (3) жашылча-жемиштер, (4) газ, (5) ремонттоо жана курулуш иштери үчүн материалдар.

Базалык инфляция 2 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: (1) эт, (2) жашылча-жемиштер, (3) газ, (4) ремонттоо жана курулуш иштери үчүн материалдар.

Базалык инфляция 3 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: (1) нан азыктары жана талкандар, (2) сүт азыктары, (3) жашылча-жемиштер, (4) газ, (5) ремонттоо жана курулуш иштери үчүн материалдар.

Базалык инфляция 4 – толугу менен азык-түлүк товарлары жана электр энергиясы, газ, отундун башка түрлөрү алынып салынат.

УСКнын базалык инфляциясы – сүт, кант, жашылчалардын айрым түрлөрү, алкоголдук жана тамеки продукциялары, КММ, «Электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү товардык тобу», эл ташуучу транспорттун, байланыштын кызмат көрсөтүүлөрү жана башкалар алынып салынат.

# 3-глава. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясатынын маселелери боюнча чечимдери

## 3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери

Төмөндө Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы 2010-жылдын үчүнчү чейреги ичинде акча-кредит саясат жагында кабыл алган негизги чечимдеринин тизмеги келтирилген:

1. Учурда түптөлгөн жагдайга баа берүү, ошондой эле кыска мөөнөттүк аралыкта тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүүнүн сценарийлерин иштеп чыгуу үчүн 2010-жылды 11-августунда жылдын биринчи жарым жылдыгы ичиндеги акча-кредит саясат жөнүндө отчет жана келээрки мезгилге акча-кредиттик программа кароого алынып, жактырылган (№62/11 токтом). 2010-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичиндеги акча-кредит саясат жөнүндө отчету кыскартылган түрүндө маалымат ирээтинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына, Финансы министрлигине жана Экономикалык тескөө министрлигине жөнөтүлүп, Улуттук банктын сайтында жайгаштырылган.
2. Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттун 36-бөлүгүнө мурда сунушталган өзгөртүүлөрдү эске алуу менен Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2010-жылдын 15-сентябрында №73/3 «Милдеттүү камды эсептөө үчүн милдеттенмелер тизмегин бекитүү тууралуу» токтом кабыл алынып, ага ылайык коммерциялык банктардын милдеттүү камдарын эсептөө үчүн милдеттенмелер тизмеги үч статья менен толукталган (бул токтом 2010-жылдын 1-ноябрынан тартып күчүнө кирген).
3. Экономикалык иш жигердүүлүгүнө андан ары түрктү берүү максатында Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 29-сентябрындагы №75/9 токтому менен «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын кредиттөөсүнүн бардык багыттары боюнча пайыздык чендерди аныктоо үчүн «1» өлчөмүндөгү бирдиктүү оңдоо коэффициентинин аракеттенүү мөөнөтү 2010-жылдын 1-февралына чейин узартылган. Мурда, бирдиктүү «1» деңгээлиндеги оңдолгон коэффициенти Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2010-жылдын 3-майындагы №26/1 токтому менен 2010-жылдын үчүнчү чейрегинин акырына чейин белгиленген эле.
4. Мындан тышкары, Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 29-сентябрындагы №75/11 токтому менен «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын[1] Банктарды кайра каржылоо саясатына, бул Фонддун каражаттарынын эсебинен коммерциялык банктарга берилүүчү кредиттер боюнча пайыздык чендерди эсептөө ыкмасын өркүндөтүүнүн чегинде өзгөртүүлөр киргизилген.

[1] Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 26-мартындагы №16/7 токтому менен бекитилген.

## 3.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин негизги чечимдери

Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети акча-кредит чөйрөсүндө оперативдүү чечимдерди иштеп чыгууну жана кабыл алууну жүзөгө ашырат. Чечимдер жума сайын кабыл алынып, акча рыногунда калыптанган жагдайларга баа берүүнүн натыйжасына негизденет. Банк тутумунда ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча операциялардын көлөмү Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети тарабынан 2010-жылга акча-кредит саясатынын негизги багыттарында, келээрки мезгилге акча-кредиттик программада көрсөтүлгөн, Улуттук банк Башкармасы тарабынан аныкталган максаттарга жана милдеттерге жараша банк тутумунда түптөлгөн жагдайды жана салык-бюджет чөйрөсүндөгү абалды эске алуу менен аныкталган.

Жылдын үчүнчү чейрегинде бул комитеттин 13 отуруму өткөрүлүп, анын чечимдери Улуттук банктын ноталарынын жумалык аукциондорун өткөрүү аркылуу банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салууга багытталган. Банк тутумунда ликвиддүүлүктүн өсүшүнө байланыштуу Улуттук банк, июль айында жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмүн 2010-жылдын июнь айынын акырындагы 0,2 млрд. сом деңгээлинен сентябрь айынын акырындагы 0,4 млрд. сомго чейин жеткирүү максатында, ноталардын эмиссия көлөмүн бир аз көбөйтүүгө барган. Мында, Улуттук банк үчүнчү чейрек ичинде жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк гана ноталарды жайгаштыруу боюнча аукциондорду өткөргөн.

Чейрек ичинде ноталарды сатуу көлөмү 1,0 млрд. сомду түзгөн, ал эми отчеттук мезгил ичинде сомдук эквивалентте АКШ долларын Улуттук банктын таза сатуусу[1] 2,0 млрд. сом чегинде катталган.

Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети тарабынан, ошондой эле Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусунун кредиттөө максаттары үчүн айына бир жолу белгиленүүчү базалык чен өлчөмүнө тиешелүү чечимдер да кабыл алынган. Фонддун кредиттик каражаттары боюнча пайыздык чен өлчөмү, кредиттөө тармагына жараша, оңдоо коэффициенти менен базалык ченге теңештирилет.

Реалдуу секторду колдоого алуу максатында комитеттин чечими менен фонд үчүн базалык чен 2010-жылдын үчүнчү чейрегинин акырына чейин 7,0 пайыз деңгээлинде сакталып калган. Мындан тышкары, 2010-жылдын 27-сентябрында комитет тарабынан 2010-жылдын октябрь айында Фонддун кредиттөө максаттары үчүн базалык ченди 7,0 пайыз деңгээлинде сактап туруу чечими кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын
Улуттук банктын 2010-жылдын 1-жарым жылдыгы ичиндеги акча-кредит саясат жөнүндө отчетун кароо боюнча отуруму тууралуу пресс-релиз

2010-жылдын 11-августунда Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2010-жылдын 1-жарым жылдыгы ичиндеги акча-кредит саясат жөнүндө отчет кароого алынган.

[1] Улуттук банк Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган өзгөрүп туруучу алмашуу курсунун саясатына таянат.

Экинчи чейрек ичинде орун алган саясий окуялардын кесепеттеринен банк тутумундагы ликвиддүүлүктүн олуттуу төмөндөөсү жүргөн. Банк тутумунун ликвиддүүлүгүн жана туруктуулугун камсыз кылуу максатында Улуттук банк, жүгүртүүдөгү өз ноталарынын көлөмүн июнь айынын акырында 200 млн. сомго чейин кыскарткан. Апрель айында башталып, май айында 3,5 пайызга жеткен эсептик чендин өсүшү июнь айында токтогон жана айдын акырына карата чен 2,7 пайызга чейин төмөндөгөн. Экинчи чейрек ичиндеги банк тутумундагы ликвиддүүлүк деңгээлинин төмөндөгөнүнө карабастан, жалпы алганда, биринчи жарым жыл ичинде коммерциялык банктардын үстөк камдарынын күн ичинде орточо алынган көлөмү жетишээрлик жогорку деңгээлде болгон.

Биринчи жарым жыл ичинде керектөө бааларынын индекси 4,1 пайызды түзгөн (2010-жылдын июнь айы/2009-жылдын декабрь айы), инфляция жылдык туюнтулушунда 3,6 пайызды түзгөн (2010-жылдын июнь айы/2009-жылдын июнь айы).

Биринчи жарым жыл ичинде сомдун АКШ долларына карата алсызданууу тенденциясы сакталган. Улуттук банк чет өлкө валютасына суроо-талаптын жана сунуштун ортосундагы теңдешсиздикти текшилөө максатында банктар аралык валюта тооруктарында накталай эмес долларды сатуу боюнча операцияларды жүргүзгөн. Бүтүндөй алганда, 2010-жылдын биринчи жарым жылында Улуттук банктын АКШ долларын таза сатуу көлөмү банктар аралык валюта тооруктарында 140,2 млн. АКШ долларын түзгөн, АКШ долларынын сомго карата расмий курсу 6,5 пайызга, 46,9746 сом/АКШ долларына чейин өскөн.

Биринчи жарым жылдагы 5 пайыздык реалдуу экономикалык өсүш, эң башкысы, өнөр жай өндүрүүлөрүнүн өсүшү жана алтын казып алуунун жигердүү болушу, ошондой эле, өткөн жылдын "төмөнкү база" эффекти менен шартталган. "Кумтөр" алтын-кенин казып алуу жайын иштетүү боюнча ишканаларды эске албаганда, ИДПнын реалдуу өсүшү 1,5 пайызды түзгөн. Мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 1,3 млрд. сомду же ИДПга карата 1,6 пайыз чегинде катталган. Тышкы экономикалык сектордун алдын-ала маалыматтары тышкы соода жүгүртүүнүн көлөмүнүн 11,8 пайызга жогорулагандыгын көрсөткөн, мында экспорт 28,7 пайызга, ал эми импорт – 2,9 пайызга өскөн. Акча которуулардын агылып келишинин көбөйгөндүгү катталган.

Банк секторунда суммардык активдердин, капиталдын, депозиттик базанын деңгээлдеринин төмөндөшү жүргөн. Бирдиктүү кредит портфели сомдук эквивалентинде көбөйгөн, ал эми чет өлкө валютасында берилген кредиттер номиналдык туюнтулушунда азайган. Банк секторуна колдоо көрсөтүү максаттарында кредиттөө үчүн ресурстук базанын төмөндөө шарттарында Улуттук банк милдеттүү камдар ченемин 9,5 пайыздан 8,0 пайызга жана Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондунун (БРАФ) базалык чен өлчөмүн 8 пайыздан 7 пайызга чейин төмөндөткөн. Андан тышкары, БРАФтын кредиттик каражаттары боюнча 1 деңгээлиндеги пайыздык чен өлчөмүн аныктоо үчүн бирдиктүү түзөтүү коэффициенти белгиленген. Ошентип, БРАФ ресурстарынын наркы коммерциялык банктар үчүн 7 пайызды түзгөн, ал эми акыркы карыз алуучулар үчүн – 12 пайыздан (ипотекалык кредиттөө) 17 пайызга (микрокаржылоо) чейин болгон.

Акча-кредит саясаты жөнүндө отчетту кароонун жүрүшүндө Бишкек шаарында 2010-жылдын 27-июлунда өткөн “Кыргыз Республикасына чукул жардам: калыбына келтирүү жана макулдук” аталышындагы эл аралык донорлор конференциясынын жыйынтыктары боюнча келишилген донорлор менен бюджетке колдоо көрсөтүүдө финансылык жардам жөнүндө макулдашуулар, ошондой эле ЭВФтин биздин өлкөдөгү миссиясынын иштеринин натыйжалары талкууланган.

Башкарма мүчөлөрү негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр жана акча-кредит саясатынын жыйынтыктарынын божомолдоолоруна тиешелүү пикир алмашышкан. Утурумдук баа берүүлөр 2010-жылдын жыйынтыктары боюнча, эң башкысы, соода-сатык жана айыл чарбасы чөйрөлөрүндөгү төмөндөөлөрдүн эсебинен реалдуу ИДПнын 2,5-3,5 пайыз тегерегинде төмөндөөсү күтүлүп жатканын көрсөткөн. Ошол эле учурда, түштүктөгү июнь окуяларынын натыйжасында экономиканы калыбына келтирүүнүн созулуп кеткендигинин айынан реалдуу сектордогу жагдайдын начарлоо коркунучу да бар. Экономикалык өнүгүү жана соода министрлигинин баа берүүлөрү боюнча реалдуу ИДПнын төмөндөшү үстүбүздөгү жылда 5,4 пайызды түзүшү мүмкүн. Инфляция тобокелдиктеринин башкы факторлорунун бири катары нанга жана унга баанын өсүшү аталды, бул өсүш Россиядагы жана Казакстандагы жагымсыз аба ырайынын айынан түшүм алуудагы жоготууну күтүүлөрдүн аркасында башталган. Бул тобокелдикти төмөндөтүү үчүн мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан социалдык жактан маанилүү азык-түлүк товарлары рыногунда алып-сатарлык аракеттерге жол бербөө жаатында тиешелүү чаралардын кабыл алынышы зарыл.

Талкуунун жүрүшүндө бул жылы, акчага болгон суроо-талап тышкы финансылык жардамдардын келип түшүүсүнүн жана парламенттик шайлоо алдындагы кампаниянын өткөрүлүшүнүн эсебинен колдоого алынып турат деген пикир да айтылды. Башкармалык тарабынан бюджеттин тартыштыгын каржылоо булактарына тиешелүү да кооптонуулар айтылды. Үстүбүздөгү жылы эл аралык донорлордон финансылык жардамдын келип түшүүсүн күтүүлөргө байланыштуу бюджеттин каражаттарын бир кылка текши коротуунун олуттуу актуалдуулугу келип чыгууда. Мындай шарттарда бюджеттик тартип чараларын күчөтүүнүн, мамлекеттик чыгашаларды оптималдаштыруунун жана анын ачык-айкындыгын жогорулатуунун зарылдыгын Башкармалык баса белгилеген, анткени Өкмөт тарабынан жүргүзүлүп жаткан бюджеттик экспансия саясаты келерки жылдагы инфляциялык тобокелдиктердин башкы фактору болуп калышы ыктымал.

Жүргүзүлгөн талкуунун натыйжаларынын негизинде Башкарма мүчөлөрү үстүбүздөгү жылдын биринчи жарым жылы үчүн акча-кредит саясатын жактырышкан.

# 4-глава. Инфляция көрсөткүчүн болжолдоолор

## 4.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасын болжолдоолор

Өлкөдө болуп өткөн коомдук-саясий жагдайлардын терс таасиринен улам экономикалык жигердүүлүктүн төмөндөөсү катталган, ал эң оболу, кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн ишканаларына жана айыл-чарбасына таасирин тийгизген, бул 2010-жылдын январь-сентябрь айларында экономиканын өсүш арымынын 0,5 пайызга төмөндөөсүн шарттаган.

2010-жылга карата ИДПны болжолдоолор тогуз ай ичиндеги айкын маалыматтарды эске алуу менен кароого алынып жаткан жыл ичинде алгылыктуу жагына бир аз корректировкаланган. 2010-жылы ИДПнын төмөндөөсү мурдатан күтүлүп жаткан 2,5 пайыздын ордуна 2,0 пайыз деңгээлинде болжолдонууда, ал эми номиналдык мааниде ИДПнын көлөмү 212,7 млрд. сом чегинде бааланууда. Болжолдуу баа берүүлөрдөгү корректировкалоолор соода операциялары чөйрөсүндө төмөндөөнүн бир аз, ал эми айыл чарбасында өндүрүү көлөмүнүн кыйла түшүүсүн карайт. Мындан тышкары, 2010-жылдын жыйынтыгы боюнча энергетика тармагында («Камбар-Ата-2» ГЭСинин курулушунун аяктоосу) негизги капиталга инвестициялардын төмөндөөсүнүн алкагында, курулушта өсүш арымдын кыскаруусу күтүлүүдө.


Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү төмөндөө, көбүнчө соода операцияларындагы жүгүртүүлөрдүн олуттуу кыскаруусу менен шарталат, бул өз кезегинде, негизги соода өнөктөш өлкөлөр менен соода жүргүзүү шарттарына жана калайык-калктын керектөө жагындагы жигердүүлүгүнүн деңгээлине жараша болот. Айыл чарбасында, өткөн жылдагы мол түшүмдүүлүктөн улам, кошумча нарктын төмөндөөсү ыктымал, бул да экономикалык өсүш арымына терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Мында, өнөр жайдагы өсүш кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү жана айыл чарбасындагы төмөндөөнүн ордун жарым жартылай компенсациялайт, өнөр жай өндүрүшүнүн артышы көбүнчө, алтын казып алууга байланыштуу болбогон тармактардын эсебинен күтүлөт. ИДПнын өсүшүнүн/төмөндөөсүнүн таасир астында экономикада келип чыккан баа тобокелдигинин кошумча индикатору өндүрүш ажырымынын көрсөткүчүнөн болушу мүмкүн.

**4.1.1-таблица. 2010-жылда экономика тармактары боюнча ИДПны болжолдоолор**

| | так маалыматтар | | | | | | | эсептешүүчү маалыматтар | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | күндөлүк баалар, *млн. сом* | салыштырылуучу баалар, *млн. сом* | ДКН өсүшү, *млн. сом* | реалдуу өсүш, *пайыздар* | дефлятор, *пайыздар* | ДКН өсүшү, *млн. сом* | реалдуу өсүш, *пайыздар* | салыштырылуучу баалар, *млн. сом* | ДКН өсүшү, *млн. сом* | реалдуу өсүш, *пайыздар* | дефлятор, *пайыздар* |
| | 2009-ж. | | | | | 2010-ж. янв.-сен. | | 2010-ж. | | | |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 43 372,8 | 47 395,8 | 3 244,9 | 7,3 | -8,5 | -1 124,3 | -3,4 | 40 770,4 | -2 602,4 | -6,0 | |
| Өнөр жайы | 29 143,7 | 26 596,0 | -1 928,4 | -6,8 | 9,6 | 2 967,8 | 16,6 | 31 325,8 | 2 182,1 | 7,5 | |
| *Тоо-кендерин казып алуу өнөр-жайы* | 1 232,7 | 1 048,8 | 47,1 | 4,7 | 17,5 | 50,7 | 5,9 | 1 294,3 | 61,6 | 5,0 | |
| *Кайра иштетүү өнөр жайы* | 24 577,0 | 22 910,3 | -1 940,4 | -7,8 | 7,3 | 2 645,4 | 18,1 | 26 297,4 | 1 720,4 | 7,0 | |
| *анын ичинде «Кумтөр»* | 13 611,4 | 10 204,9 | -808,6 | -7,3 | 33,4 | 1 319,4 | 19,1 | 13 883,6 | 272,2 | 2,0 | |
| *Электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү* | 3 334,0 | 2 636,9 | -35,1 | -1,3 | 26,4 | 271,7 | 11,5 | 3 734,1 | 400,1 | 12,0 | |
| Курулуш | 11 235,3 | 10 501,4 | 621,1 | 6,3 | 7,0 | -201,4 | -3,0 | 10 898,2 | -337,1 | -3,0 | |
| Соода | 32 205,2 | 31 266,4 | 553,8 | 1,8 | 3,0 | -1 951,1 | -8,7 | 29 789,8 | -2 415,4 | -7,5 | |
| Транспорт жана байланыш | 17 931,0 | 15 583,0 | 757,9 | 5,1 | 15,1 | 46,9 | 0,4 | 18 020,7 | 89,7 | 0,5 | |
| Жана башкалар | 40 675,1 | 35 793,1 | 587,8 | 1,7 | 13,6 | -282,4 | -1,0 | 40 268,3 | -406,8 | -1,0 | |
| Азык-түлүккө таза салыктар | 21 860,0 | 25 261,2 | 567,9 | 2,3 | -13,5 | -77,8 | -0,5 | 21 423,0 | -437,0 | -2,0 | |
| **ИДП** | **196 423,1** | **192 396,9** | **4 405,0** | **2,3** | **2,1** | **-622,3** | **-0,5** | **192 496,3** | **-3 926,8** | **-2,0** | **10,5** |
| **Кумтөрдөн тышкары, ИДП** | **182 811,7** | **182 192,0** | **5 213,6** | **2,9** | **0,3** | **-1 941,7** | **-1,5** | **178 612,6** | **-4 199,1** | **-2,3** | |

Өткөн «Инфляция боюнча баяндама» басылмасынын чыгарылышында белгилендей эле, ИДПнын өсүшүнүн кескин өсүшү жана 2010-жылдын биринчи жарым жылдыгында белгиленген ИДПнын ажырымынын тиешелүү көбөйүүсү негизинен, өткөн жылдын базасынын төмөндүгү менен шартталган техникалык мүнөзгө ээ болгон. Бүтүндөй алганда, 2010-жылдын жыйынтыгы боюнча өткөн жылдагыга салыштырганда экономиканын өсүшүнүн төмөндөөсү болжолдонууда жана жыйынтыгында ИДПнын 2010-жылдагы айкын өсүшү анын потенциалдуу деңгээлинен олуттуу төмөн болушу ыктымал, бул өз кезегинде, өлкөдөгү инфляциянын деңгээлине бир аз токтотуучу таасирин тийгизет.

**4.1.1-сүрөт. Реалдуу жана потенциалдуу ИДПны болжолдоолор**
*(өсүш арымы, жыл башынан, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата мезгил аралыгы)*




